**Орозалиев А.А.,**

**"Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери", аттуу география илимдеринин кандидаты окумушуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына пикир.**

**Илимий иштин актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алышы менен эл чарбасынын ар тараптан өнүгүшү үчүн айлана чөйрөнү коргоо жана суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу бүгүнкү күндүн башкы көйгөйлүү маселелеринин бири болуп келүүдө.

Азыркы мезгилде Баткен областынын башкы экономикалык, социалдык багытарын көтөрүүдө айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн бирден бир жолу болуп, суу-жер ресурстарын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу зарылчылыгы келип чыкты.

Орозалиев А.А., тарабынан изилденип жаткан аймактын климаттын өзгөрүүсүнө жараша суу-жер ресурстарынын экологиялык, экономикалык, сандык жана сапаттык жактан талдоодогу көйгөйлүү маселелерди чечүүдө илимий кеңири маалыматтарды алып, аны практика жүзүндө айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн бири-бирине айкальштырып кароо жана пайдалануу бүгүнкү кундүн башкы актуалдуу маселелердин бири.

Баткен областынын айыл чарбасын өнүктүрүү, жер ресурстарын иштетүү, өнөр жай жана күндөлүк үй тиричилигинде ошондой эле башка чарбалык иштерде суу ресурстарын колдонуу, суу ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчун усулдук жактан баа берүү изилденип жаткан аймактын суу ресурстарын аныктоого шарт түзөт. Каральп жаткан Баткен областынын аймагында орун алган суу ресурстарынын жер үстүндөгү жана жер астындагы дарыя агымдарынын түзүүчүлөрүн аныктоо, орточо жылдык агымы, суусу мол мезгили жана суусу тартылан мезгилдерин жогоруда аты аталган окмуштуулардын тажрыйбаларына таянуунун негизинде анализдер жүргүзүлдү.

Негизги Баткен областынын жер ресурстарын азыркы мезгилдин талабына ылайык сарамжалдуу пайдалану жеке эле айыл чарбасы учүн эмес бүтүндөй областтын социалдык экономикалык абалын өсүп өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Ошондуктан биз карап жаткан Баткен областынын суу-жер ресурстарынын комплекстик түрдө анализдеп, илимий жактан изилдөө туура деп эсептейм.

Изилдөө объектиси Баткен областынын аймагында жайгашкан суу ресурстары, дарыялары, суу ресурстарын түзүүчү элементтер жана жер ресурстары, жер ресурстарынын пайдалануусу жана андагы көйгөйлүү маселелер. Ал эми изилдөө предмети, бул аймакта суу ресурстарына география-гидрологиялык усулдун негизинде баа берүү, жер ресурстарынын азыркы мезгилдеги абалы, пайдаланылышы, геоэкологиялык көйгөйлүү маселелери суу-жер ресурстарына антропогендик тийгизген терс таасирлерин чечүүнүн жолдору жана суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу.

**Изилдөөнүн максаты.** География-гидрологиялык ыкманын негизинде аймактын суу ресурстарына сандык жана сапатык жактан баа берүү, жер ресурстарынын азыркы мезгилде пайдалануунун геоэкологиялык көйгойлүү маселелерин, суу-жер ресурстарына антропогендик тийгизген терс таасирлерин чечүүнүн жолдорун, климаттын глобалдык өгөрүүсүнө карата ыңгайлашууда суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун жана аларды коргоо ыкмаларын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- Аймактын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарына географиялык мыйзам ченемдүүлүктүн негизинде изилдөө жүргүзүү;

- Аймактын суу ресурстарын сандык жактан баалоо менен колдонуудагы көйгөйлөрдү анализдөө;
- ГИС (QGIS, GRASS GIS) ыкмасынын негизинде аймактын карталарын түзүү;
- Жер ресурстарынын абалына геоэкологиялык баа берүү;
- Климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймактын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда баалоо жүргүзүү;
- Аймактын суу-жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн илимий негизде иш аракеттерди түзүү жана ошондой эле адаптациялоо механизмдерин сунуштоо.

**Изилдөөдөн алынган илимий жаңылыктын жыйынтыктары.**

Алынган маалыматтарды анализдөөнүн негизинде адам баласынын жаратылышка тийгизген терс таасири, суу ресурстарынын өзгөрүүсү жалпы калк үчүн жана айыл чарбасы үчүн жаратылыштын күтүлбөгөн өзгөрүүлөргө алып келди. Мына ушул алынган маалыматтардын негизинде Баткен областынын суу-жер ресурстарына баа берүү төмөнкү аргументтер менен аныкталды.

- Азыркы климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу суу-жер ресурстары сандык жактан такталып, бүгүнкү күндө аймакта суунун жетишсиздиги боюнча баа берилди;
- Аймактын суу-жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн илимий негизде иш аракеттерди туура пландоо менен бирге, илимий жактан тастыкталган адаптациялоо механизмдери иштелип чыкты.
- Областтын жер ресурстары жана анын геоэкологиялык көйгөйлүү маселелерин чечүүнүн жолдору сунушталды.
- Суу ресурстарын колдонууда бассейиндик башкаруу механизимин киргизүү тажрыйбасы сунушталды.
- Климаттын өзгөрүүсүнө карата аймактын климаты жана суу ресурстарына көп жылдык таблица жана диаграммалардын негизинде анализ жасалып, климаттын өзгөрүүсүнө карата ыңгайлашуу процессине адапташууга тастыкталган сунуштар белгиленди.
- Бүгүнкү күндө Орто Азия чөлкөмүндө Кыргызстандын суу ресурстарын ички жана тышкы саясатта, экономикалык мамилелерде чечүүчү фактор катары эсептеп, өтө маанилүү стратегиялык ресурс, экологиялык кенч, экономикалык байлык, саясий-дипломатиялык мамилелерде артыкчылык катары колдонуу боюнча сунуштар берилди.

**Илимий изилдөөчүнүн жеке салымы.** Баткен областынын суу ресурстарынын көлөмүнө сандык жактан баа берилип, азыркы мезгилдеги климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу Баткен областынын суу ресурстарын кайрадан жаңы шарттарда кароо үчүн мамлекеттер аралык бассейндик башкаруу боюнча сунуштар берилди.

Баткен областынын аймагында тамчылатып сугаруунун бир нече түрлөрү жергиликтүү шартка ылайыкташтырылып, илимий жактан аныкталып, жер иштетүүчү дыйкан фермерлерге сунушталды.

Суу-жер ресурстарын пайдалануудагы экологиялык көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү жолдору сунушталды.

Ошондой эле чогултулган статистикалык маалыматтарга таянып, ГИС (QGIS, GRASS GIS)

программасынын негизинде Баткен областынын (көп жылдык нымдуулуктун, буулануунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын жарым чөл зонасынын аянты 2100-жылы 35% га өсүшүнүн болжолдуу картасы) түзүлдү.

**Илимий жетекчинин чечими**

Илимий ыкма жана илимий иштин практикалык мааниси, бул жерде Орозалиев АА.,. география-гидрологиялык усулду колдонуунун негизинде биринчи жолу Баткен областынын аймагында суу ресурстарына сапаттык жана сандык жактан баа берилди. Бул усулдун (метод) суу ресурстарына колдонулушу аймактагы айрым административдик райондор үчүн экономикалык жана социалдык жактан өнүгүшүнө оң натыйжасын берет. Жер кыртышынын эрозиялык жактан бузулушуна жол бербөө жана жер иштетүүдө жергиликтүү шарттарга жараша бир канча жаңы заманбап агротехникалык сунуштар киргизилди. Мезгилдин талабына жараша областтын экономикасын жана айыл чарбасын өнүктүрүүнүн бирден бир жолу болуп, суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу зарылчылыгы келип чыкты. Айыл чарбасында фермерлер жана дыйкандар үчүн жерди иштетүү, топурак катмарларынын асылдуулугун арттыруу негизги багытардын бири. Изилденип жаткан аймактын суу-жер ресурстарынын экологиялык жана экономикалык көйгөйлүү маселелерин чечүүдө илимий түрдө кенири маалыматтарды колдонуу менен бирге аларды практика жүзүндө айыл чарбасынын өнүгүшү учун бири-бирине айкалыштырып кароо жана пайдалануу бүгүнкү күндүн башкы актуалдуу маселелеринин бири.

Орозалиев Алымкул Абдикеримовичдин "Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери", (25.00.36- Геоэкология) деген темадагы география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу, теориялык жана практикалык мааниге ээ, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө жана КР УАКтын жобосунун талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Жактоого сунушталат.

**Илимий жетекчиси**
**г.и.д., доцент** **М.М. Дылдаев.**

02.12.2024

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ